# Шек-күмөн жаратып турган ишти таштап, шек-күмөнү жок ишти аткар. Чынчылдык - бейкуттукту, жалган айтуу болсо, шектенүүнү алып келет

Абу Хавра Саъидий айтат: Хасан бин Алиге (аларга Аллах ыраазы болсун): Аллахтын элчисинен (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) угуп эстеп калган хадистериң барбы? - дедим. Ал: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай дегенин эстеп калгам: "Шек-күмөн жаратып турган ишти таштап, шек-күмөнү жок ишти аткар. Чынчылдык - бейкуттукту, жалган айтуу болсо, шектенүүнү алып келет".
[Сахих (ишенимдүү)]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) адамга шек-күмөн жараткан сөз болсун же иш болсун аны таштоого буйруган. Мейли ага тыюу салынган болсун, мейли тыюу салынбасын, мейли арам, мейли адал болсун. Анын ордуна шек-күмөнү жок, адалдыгы, жакшылыгы анык болгонду алсын. Ошондо жүрөк тынчтанат. Ал эми шектүү нерсе жүрөктү тынчсыздандыра берет.



النجاة الخيرية
ALNAJAT CHARITY
لجنة الدعوة الإلكترونية
EDC E-Da'wah Committee